УДК 398(575.2)

# МАНАСЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*К.М.ЖУМАКАДЫРОВА*
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада манас айтуучулардын айтуучулук чеберчилигинин өзгөчөлүгү баяндалат.*

*В статье рассматриваются особенности и мастерство сказителя-манасчи.*

*This article is considering mastership of manaschi.*

«Манас» эпосун жараткан жана алгач пайда болуу мезгилинен бери карай кыргыз элинин коомдук өнүгүүсүнүн ар кыл баскычтарына карата жана тарыхый урунттуу кырдаалдарына байланыштуу улам өнүктүрүп, үзгүлтүксүз эпикалык жалпылаштыруу аркылуу идеялык-көркөмдүк деңгээлин өркүндөтүп келгендер «Манас»айтуучулар-манасчылар болгон. Тактап айтканда «Манасты» жараткан, өркүндөтүп, мазмунун кеңейтип, көркөмдүгүн арттырган, укумдан-тукумга өткөрүп сактап келген элдик таланттардын өзүнчө тобун “манасчылар” деген атайын наам менен аташат.

«Манасчы» -жаңы термин, кесип ээлеринин өнөрү дифференцияланууунун натыйжасында кечээ жакында эле Октябрь революциясынан кийин пайда болгон, ага чейин кыргыздар эпосторду «жомок» деп атагандыктан «Манас» айткан өнөр ээлерин «жомокчу» аташкан.

Жомокчу-манасчылар көркөм сөз өнөр ээлеринин арасындагы атайын топ, талантынын мүнөзү боюнча ыр түрүндөгү эпикалык чыгармалар жаратуу жөндөмүнө ээ адамдар. Бул белгиси жактан манасчылар ырчыларга жакын турат. Бирок, өзү жараткан төл чыгармасын эл алдында аткарган ырчылардан айырмаланып, манасчылар даяр чыгарманы – эпостун мурдатан калкка кеңири белгилүү материалдарын аткарышат. Ушул абал ырчы менен манасчынын чыгармачылыгындагы орчундуу чоң айырманы шарттайт. Манасчы да чыгармачыл инсан, көркөм сөз өнөрүнүн ээси, алардын ар бири өз дараметине, талант деңгээлине жараша эпоско салымын кошот, чыгарманын мазмун-формалык белгилерин тактап,өнүктүрүп, жомок дайым эл сүйгөн жана кызыгып уккан чыгармачылык деңгээлин бөксөртпөй сактап туруусун камсыз кылат. Бирок, манасчынын чыгармачылык күчү эң алды менен «Манастын» мурдатан келе жаткан салтык белгилерин терең өздөштүрүүгө жана аларды бузбай, бурмалабай так аткарууга багытталган. Демек, манасчылык өнөрдүн чечүүчү мааниге ээ негизги белгиси – чыгармачылыгындагы салттуулук, мурдатан калыптанган көптөгөн таланттардын табылгасы болгон көркөм ык, көркөм каражаттарга таянуу, аларды кеңири пайдалануу, даяр сюжетти негизинен ошолордун жардамы менен баяндоо. Манасчынын өнөр ээси катарындагы кадыр-баркы, кесиптик деңгээли ушул салттуулук талабын канчалык даражада чебер жүзөгө ашыра алуусу менен шартташкан.

Талант деңгээлине жараша манасчылар үйрөнчүк, чала манасчы, чыныгы манасчы, чоң жомокчу делип бөлүнүшөт. «Манас» эпосунун өсүп-өнүгүшүндө ар биринин өз варианты бар, чыгарманын мазмунун кеңейтип, көркөмдүгүн арттыруу багытында салым кошкон чыныгы манасчылардын, айрыкча зор талант ээлери чоң жомокчулардын ролу зор. Эл арасында өзгөчө кадыр-баркка ээ болушкан чоң жомокчулардын атагы алыска кетип, өмүрү легендага айланып, ысмы эл арасында узак убактарга чейин унутулбай сакталат. Мис., кыргыздарда мындан беш жүз жыл мурда жашаган деп эсептелген Токтогулдун, 18-к. жашаган Нооруздун, андан кийин чыккан Акылбек, Келдибек, Балык

(Бекмурат), Чоңбаш (Нарматай), 20-к. баш чендерин көрүп калышкан Тыныбек, Чоюке ж.б. чоң жомокчулардын аттары кеңири белгилүү. Айткан тексттери кагаз бетине түшүрүлгөн, өткөн кылымдын ичинде жашаган чоң жомокчулардын катарына Сагымбай менен Саякбай кирет. Ошондой эле айткан варианттарын кагаз бетине түшүрткөн Шапак, Тоголок Молдо (Байымбет), Молдобасан, Акмат Ырысмендеев ж.б. көптөгөн таланттуу манасчы-семетейчилердин ысымдары калкыбызга кеңири белгилүү.

Зор талант ээси чоң жомокчулардын түзгөн мыкты варианттын өз репертуарына кеңири пайдаланып, алардын ишин улантып, жолун жолдоочулары чыгып, натыйжада манасчылык өнөрдүн өзүнчө мектептери жаралат. Илимге Тыныбектин мектеби (көрүнүктүү өкүлү Сагымбай Орозбак уулу), Чоюкенин мектеби (көрүнүктүү өкүлү Саякбай Каралаев) таанымал.

Манасчылардын мектеби негизинен төмөнкүдөй бөлүнүп кеткен.

Чүйлүк манасчылар: Келдибек, Кенже Кара. Балык, Балык уулу Найманбай ж.б.

Ысык-Көлдүк манасчылар: Чоңбаш, Акылбек, Доңузбай, Назар, Чоюке,

Тянь-Шандык манасчылар: Тыныбек, Шапак Тоголок Молдо, Молдобасан, Багыш, Дуңкана ж.б.

Ошентип, манасчылар булар «Манас» эпосун айтуучу, аткаруучу таланттуу адам болуп эсептелет. Манасчылар кыргыз элинин гениалдуу көркөм мурасы болуп эсептелген улуу эпос «Манасты» жараткан, толуктаган, азыркы көлөмгө, көркөмдүк деңгээлге жеткирген элдик таланттардын тобу. Ар бир айтуучу эпостун негизги өзөк окуяларын сактап, жалпы салттан чыкпай, өзүнүн жекече көркөм фантазиясына, чыгармачылык дараметине жараша ага алымча-кошумчаларын кошуп өзгөртүүлөрдү киргизет. Таланты күчтүү манасчылар «Манастын» өзүнчө бир вариантын түзүүгө жетишет. Ошондуктан эпостун ар кыл варианттарында манасчылардын дүйнөгө көз караштары, стилдик өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат. Дүйнөлүк эпостордун ичинен мазмуну эң бай жана көлөмдүү зор эпос болгондуктан, манасчылар эпосту бир нече күн айтышкан. Алар окуялардын ырааттуулугун, каармандардын, жер-суу аттарын ж.б. компоненттерди жатка билишет да, өзүнүн акындык шыгы менен окуялардын жүрүшүн төгүп айта берет. Манасчылардын көбүндө учурай берүүчү орток саптар, окшош сүрөттөөлөр ж.б. туруктуу даяр көркөм каражаттар кездешет.

«Манасчы» XX кылымдын башында пайда болгон термин. Манасчылар жомокчу, ырчы делип да айтылганы белгилүү. Адата чоң жомокчу «Манасты» бүтүндөй башынан аягына чейин мурдагыларды кайталабай, жаңыча, жогорку көркөмдүктө айтып бере алган. 19-кылымдын аягынан жакынкы мезгилге чейин манасчыларга карата жомокчу, ырчы деген терминдер колдонулуп келген. Мисалы, Балык ырчы, Тыныбек жомокчу чоң манасчылык деңгээлге жеткиче бир нече чыгармачылык баскычтан өтүшкөн. Эпосту өздөрүнүн манасчылык чеберчилиги менен аткарууга жетише алган Назар, Чоюке, Тыныбек, Келдибек, Акылбек, Тоголок Молдо, Сагымбай, Саякбай, Молдобасан, Жусуп Мамай ж.б. көптөгөн манасчылар бизге белгилүү. Булардын ичинен 1922-1926-жылдары жазылып алынган Сагымбай Орозбак уулунун варианты жана 1936-1947-жылдары кагазга түшүрүлгөн Саякбай Карала уулунун варианты китеп болуп окурмандарга тартууланган. Сагымбайдын «Манасы» - 180378 сап ырдан, Саякбайдын вариантьнда «Манас» бөлүмү – 84513 сап ырдан, «Семетей» бөлүмү – 136157 сап ырдан, «Сейтек» бөлүмү – 85697 сап ырдан турат. Кытайлык манасчы Жусуп Мамайдын варианты 18 том китеп болуп чыккан. Кыргызстанда бир топ манасчылардын варианттары кураштырылып, кошулуп,өзүнчө төрт китеп болуп жарык көргөн. Азыр манасчылык өнөр анча өнүкпөгөнү менен эл арасында «Манас» айткандар жолугат.

Сагымбай Орозбаковдун варианты- ырынын көркөмдүгү, мазмунунун тереңдиги, эл турмушун кенен, таамай сүрөттөй алгандыгы менен белгилүү болгон. 1926-жылы 7-томду жаза баштаганда манасчы катуу ооруга чалдыгып, “Семетей”, “Сейтек” бөлүгү жазылбай калган. Негизи Сагымбай өзүн «Семетейчимин» деп эсептеген. Себеби 13 жашында Семетей түшүнө кирип, 14-15-жашында “Манас” айта баштаган. Сагымбай

төкмө акын да болгон жана сабаттуу болуп айткандарын кагазга түшүрө алган.Эң башкысы системалуу айткан. Сагымбайдын айтуусунда эң бай поэтикалык ыкмалар менен бирге-аллитерация, синтаксиситик параллелизм, рефрен, антитеза, метафора ж.б. жыш орун алган.

Саякбайдын айтуу техникасы мыкты болгондугу менен айырмаланган. Казак элинин жазуучусу М.Ауэзов Каралаевди “легендарлуу эпик” «XX кылымдын Гомери» деп атаган. Дээрлик миллион сап ырды жатка айткан мындай адам табылбасын белгилеген. С.Каралаев “Манас” айып жатканда аябай образга кирип кетээрин изилдөөчүлөр баса белгилешкен.

30-60-жылдар аралыгында Саякбайдын «Манасын» кагазга түшүрүү менен катар эле, эл ичиндеги башка чоң манасчылардан да эпосту жазып алуу бир кыйла активдүүлүк менен улантылат. Эгерде эпостун «Манас», «Семетей», «Сейтек» сыяктуу үч бөлүмүн тең айткан жана кагазга түшүрткөн таланттуу улуу манасчылардын атын атасак, анда алар булар: Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Шапак Ырысмендиев, Багыш Сазанов, Мамбет Чокморов, Жаңыбай Кожеков, Ыбырай Абдрахманов. Булардын ичинен Тоголок Молдо менен Ыбырай Абдрахманов сабаттуу, жаза билген инсандар болушкандыктан, үч илтиктин үч бөлүмүн тең өз колдору менен жазып илимий фондуга өткөрүшкөн. Тоголок Молдонун үч илтигинин бардыгы - 98703 сап ыр.

Ы.Абдрахмановдун «Манас» бөлүмүнүн ыр жолдору 17859 сапты түзөт. Молдобасан Мусулманкуловдон С. Байсалов менен А. Тайгүреңов тарабынан жазылып алынган «Манас» жана «Семетей» 203 миң саптан турат. М. Мусулманкуловдон «Кедейкан», «Жаңыл Мырза», «Курманбек», «Жаныш-Байыш» эпостору да кагазга түшүрүлгөн. Жаңыбай Кожековдон айтылуу К. Мифтаков «Семетейди» толук, «Манастан» үзүндү жазып алган. Алардын баары 19445 сапты түзөт. Шапак Рысмендиевдин Ж. Наматов кагазга түшүргөн үчилтигинин ичинен «Манас» бөлүмүнүн көлөмү 24160 сап. Багыш Сазановдон М. Багышов, Т. Абдыраков, Инаят Мусаев тарабынан жазылган «Манас», «Семетей», «Сейтек» чогуусу менен 101580 сап ырдан турат. Мамбет Чокморовдун варианты («Манас», «Семетей», «Сейтек») 1959-72-жылдарда Академиянын «Манас» секторунун кызматкерлери Муңдук Мамыров, Эсенаалы Абдылдаев жана манасчынын уулу Касымбек Мамбетов тарабынан жазылып алынган. Трилогиянын жалпы көлөмү 148557 сап ыр. Ошондой эле М.Чокморовдун «Манасы» узундугу 9700 метрге жеткен магнитофондук тасмага да түшүрүлгөн.

Чыныгы манасчылар да түшүндө аян берип ошол аркылуу айтып калгандарын эскеришет.Түш көргөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү «манас» эпосун билбесе да, өзүнөн – өзү эпосту айта башташкан. Азыркы кезде манасчылардын түш көрүү феноменин жалаң гана элдик салттын таасири катары кароо жетишсиз.Буга өзгөчө маани берип, илимий негизде кылдат кароо зарыл.

Мындан сырткары ар кайсы жылдарда ар түрдүү манасчылардан, семетейчилерден, айтуучулардан жазылып алынган трилогиянын айрым узун же кыска эпизоддору, үзүндүлөрү, бөлүмдөрү ушу күндө Академиянын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

«Манастын» чоң, кичинеси болуп канча варианты бар экендиги жөнүндө ар ким ар кандай маалымат берип келет.Ал эмес 1995-жылы чыккан эки томдук «Манас» энциклопедиясынан да бул тууранда так маалымат алуу кыйын. Манас изилдөөчү Омор Сооронoвдун «Кыргыз Руху» газетасына жарыяланган төмөнкү маалыматы «Манастын» варианттары жөнүндөгү эң соңку конкреттүү так маалымат болуп эсептелет

«Манасты» эл арасынан иликтөө, жыйноо жумуштары бүгүнкү күндө да улантылууда. Жыйынтыктап айтканда, 20-жылдардан акыркы мезгилге чейин ар кандай демилгечилер, фольклор жыйноочулар, манас изилдөөчүлөр, Академиянын тил жана адабият институтунун «Манас» секторунун кызматкерлеринин атуулдук зор күч-аракеттери менен чоң жана кичинеси, эпизод мүнөзүндөгүсү болуп «Манас» трилогиясынын баш-аягы 90го жакын варианттары кагазга түшүрүлүп, кол жазмалар

фондусуна топтолгон. Бул байлыктарды чогултууда, топтоодо «Манас» илимий секторунун багытоочу, уюштуруучу жана шыктандыруучу ролу өтө зор.

«Манасты» кезегинде Манас баатыр менен бирге жашаган Ырамандын ырчы уулу айтып баштаган деген божомолдор бар.

Андан соң орто кылымдарда жашаган Токтогул ырчы аттуу легендарлуу акын «Манасты» айткан деген аңыз кеп жашайт.

19-20-кылымдарда жашаган атактуу таланттар жана чоң манасчылар төмөнкүлөр:

Келдибек Карбоз уулу (1800-1880), Балык (Бекмурат) Кумар уулу (1799-1887), Музооке (1800-1878), Чонду (1862-1912), Акылбек (1840), Тыныбек Жапы уулу (1846-1902), Найманбай Балык уулу (1847-1913), Кенжекара Калча уулу (1859-1929), Дыйканбай (1873-1923), Багыш Сазан уулу (1878-1958), Чоюке +мүр уулу (1880-1925), Тоголок Молдо (1860-1942), Шапак Рысменди уулу (1863-1956), Куйручук (1866-1940), Сагымбай Орозбак уулу (1967-1930), Саякбай Карала уулу (1894-1971), Жаңыбай Кожек уулу (1869-1942), Жакшылык Сарык уулу(1880—1934), Молдобасан Мусулманкул уулу (1883-1961), Мамбет Чокмор уулу (1896-1973), Дункана Кочуке уулу (1886-1981), Ыбырайым Абдыракман уулу (1888-1967), Акмат Рысменде уулу (1891-1966), Жусуп Мамай (1918).

Азыркы манасчылар: Талант Бакчиев, Дөөлөт Сыдыков ж. б.

## Адабияттар


1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. «Манас». С.Орозбаковдун варианты боюнча 1-китеби. Ф., 1978. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш, 1-китеп. – Б., 1995.
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Фрунзе, 1988.
3. Киргизский героический эпос «Манас». – М., 1961.
4. «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968.
5. Мамытбеков З., Абдылдаев Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Ф., 1966.
6. Мамытбеков З. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас». – Б., 1993.
7. «Манас» энциклопедиясы. 1-том. – Б., 1995.
8. «Манас» энциклопедиясы. 2-том. – Б., 1995.
9. Байгазиев.С. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги. – Б., 1995.
10. Мамыров М. Орус окумуштуулары “Манас”эпосу жөнүндө. – Фрунзе: Илим, 1986.